▲ Султан Ибраимовдун 80 жылдыгына

# Эл ишенген инсан эле

1969-жылдын март айынан баштап Фрунзе районунда прокуратурада тергөөчү болуп иштей баштадым. Ал жылы кар көп жаап, бир короодон экинчи короого жол жок болуп, кар басып калган. Койлор төлдөп, козулар, койлор өлүмгө учурай баштады. Мен кой көп чыгашага учураган Кадамжай совхозунун №5-бөлүмүндөгү факты боюнча тергөө жүргүзө баштадым. Тергөөнү бүтүрдүк. Күнөөлүүлөр соттолду.

Мени Фрунзе райкомунун бюросунда райкомдун алдындагы партиялык комиссиясынын мүчөлүгүнө бекитишти. Коммунисттердин персоналдык иштерин караганда бюрого катышып жүрдүм.

Арадан бир топ убакыт өткөн соң мени Ош обком партиясына чакырышты. Султан Ибраимовдун кабылдамасына бардым. Бир адам бар экен. Ал чыккандан кийин "Кирсин",-деди. Кирдим. Ал ордунан туруп учурашты. Сүйлөштүк. Бюрого даярдоо боюнча биреөгө буйрук берди.

Бюро саат 10:00дө башталды. Султан Ибраимов баш болуп 17 адам отурушту. Бирден трибунага чыгып чечим чыгара башташты. Акырында мени чакырышты. Өмүр баяным окулду. Султан Ибраимов: "Суроо барбы?",-деди. Эч ким унчукпады. Султан Ибраимов: "Бекитилсин",-деди.

Ошентип, мени обкомпартиянын комиссиясына мүчөлүккө кабыл алышты. Мени бир нече күн стажировкадан өткөрүштү.

Партиялык комиссия бүт партиялык органдардын, райком, шааркомдордун бюросунун чечимдерин, учеттук карточкаларды, партиялык жазага тартылган, партиянын катарынан чыгарылгандардын, персоналдык делолору болот экен, ошолордун тууралыгын текшеребиз. Стажировка бүткөндөн кийин мени менен иштеген киши экөөбүздү Токтогул райкомпартиясына жөнөтүштү. Ал райондо бир жумача болуп келдик. Ошондо мен жөнүндө обкомдун секретарлары ошол орус улутундагы шеригимден сураптыр: "Ну, как он?",-деп. Ал киши мен жөнүндө жакшы пикир айтыптыр.

Бюрого обкомдун бюросунун мүчөлөрү, кандидаттары катышышат. Персоналдык иштер бюронун акырында каралат эле. Персоналдык иш боюнча чакырылган адамдардын ар бирин өзүнчө сөзгө алат. Бюродо персоналдык иштерди караганда Султан Ибраимов ал адам күнөөлүү болсо да, адамгерчиликтүү сөз менен жыйынтык чыгарат эле. Ушинтип 8 жыл Султан Ибраимович менен бир нече бюродо коммунисттердин персоналдык иштерин карадык. Ошолордун эч кимиси наразы болуп арыз-данып же С. Ибраимовдун дарегине жаман сөз айткан жок.



Мен иштеп жүргөн мезгилде партиянын Ош обкомунун партиялык комиссиясынын иши ЦК КПСС Борбордук Комитетинен, Кыргызстан Компартиясынан бир нече жолу текшерилген. Эч кандай уставдын талабы бузулган деген коммунисттердин персоналдык делолору боюнча чыгарылган чечимдер боюнча сын-замечания болгон эмес.

Мен коммунисттердин персоналдык иштери боюнча райкомдордо, шааркомдордогу делолорду, баштапкы партиялык уюмдардагы партиянын катарына кабыл алуу боюнча токтомдорун текшерет элем. Ошондо көп адамдар менен сүйлөшчүмүн: Колхозчулар, заводдун, фабриканын жумушчулары менен, коммунисттер менен. Ошондо Султан Ибраимов жөнүндө алардын: "Биз Султан Ибраимовду шайлоосуз эле шайлап коебуз, бул адам кыргыз элинин бактысына туулган адам", деген сөздөрүн уккамын.

Мен персоналдык иштерден башка партиянын Ош обком, бюронун планы боюнча чарба иштерин караганда, С.Ибраимов чарбанын жетекчилерине карата: "Эмне үчүн анализ жасабайсыңар 5-10 жылдан кийин эмне болот, малдын башынын өсүшү, сүт өндүрүү, эт өндүрүү боюнча, эгиндердин түшүмү боюнча?"-дейт эле. Ушундай маселелер боюнча жетекчилердин жоопкерчилигин белгилечү. Мен өзүмчө ойлонуп, абдан терең анализдеп, текшерип, келечекке көңүл буруп байкагандыгына, Султан Ибраимовдун чарбаны өтө терең билгенине баа берет элем.

Мен Ош облустук партиялык комиссиясында он бир жыл иштеп анан кайрадан прокуратура органына которулганмын.

Султан Ибраимов жетекчилерге, коммунисттерге, жумушчуларга партиянын уставынын жана закондун негизинде бардыгына бирдей талапты жана милдеттерди койгон жана аны толук аткарууга жетишүү боюнча тийиштүү адамдардын жоопкерчилигин белгилеп, тапшырмаларды өз убагында аткартууга жетишкен жетекчи болгон.

**Айбаш МАРКАЕВ,**
**Ардагер.**

# Жаштарга жакшы көңүл бурган

Мен өзүмдүн 46 жылдык өндүрүштүк, советтик партиялык ишимде ар кандай даражадагы жетекчилер менен иштедим.

Ошко Ош облусунун биринчи катчысы болуп менимче 1967-жылы раматылык Султан Ибраимов келди. Мен Жаңыжол районунун 1-май колхозунда башкы зоотехник элем.

Султан Ибраимов иштин көзүн билген, кадрларды туура тандай алган табигый сейрек таланттуу мамлекеттик көрүнүктүү жетекчи эле. Султан Ибраимов өндүрүштү, чарбаны жакшы билген катардагы дыйкан, фермер, адис жетекчилерди өзүнүн жөнөкөй адамгерчиликтүү мамилеси менен өзүнө тартып ар жердин шартына жараша өндүрүштүн терең сырларын түшүнүп, жылдын кандай келишин мурунтадан байкап алдын ала чара көрүчү эле.

Султан Ибраимовдун көрөгөчтүгүнөн ал киши облуста иштеп турганда Ош облусу катары менен союздун 8 жолу Өтмө Кызыл Туусуна татыктуу болгон.

Раматылык Султан Ибраимов областка жетекчи болуп келгенде чарбаны, мекемени башкарууга жаштарды тарткан. Мени да 1973-1975 жылдары катардагы адистен облустук мекемени, чарбаны жетектөөгө Султан Ибраимов жөнөткөн. 1975-жылы Лейлек районунда жаңы уюшулган "Өзгөрүш" совхозуна директор болуп баргандa, совхоздо 25 миң кой, 1500 баш ири мүйүздүү мал, 800-900 түтүн эл бар эле. 1976-жылы кыш айлары болсо керек. Мен иштеген совхоз Баткен-Лейлек райондорунун чек арасы эле. Кышта совхозго Султан Ибраимов келип калды. Анда райондо партиялык биринчи катчы Вагинур Талипов эле.Султан Ибраимов мал кыштоосу менен таанышып совхоздун кой короолорун кыдырып калды. Анда жогору мен айткандай чөп жок, койлорду саман жана атала менен багат элек. Койлор жалан саман жесе да, ысык ataланы саман менен запарка кылып жем берип койлор семиз эле. Султан Ибраимовко мен койлорду кантип багып жатканымды айтып бердим. Ал киши тез эле ишене калган жок. Койлорду көрдү, сарайда турган жем запарка, аталаны көрдү. Кантип ataланы даярдап, кантип ташып келесиңер деп сурады. Анан ынанды окшойт, дурус деди. Талаа шартында чабандын үйүндө чай бердим.Кийин ошо оор шартта да койду семиз багып жатканга толук ынанса керек, Султан Ибраимов Ош областынын бардык райондорунун биринчи катчыларын баш кылып чарба жетекчилерин Лейлек районуна, биздин совхозго жөнөттү, алар келип бардыгын көрүп кетишти.

Султан Ибраимов мен иштеген Өзгөрүш совхозуна, Лейлек районунун калган жерлерине суу чыгарыш боюнча эки-үч жолу келип кетти. 1977-1982-жылдары совхоздун таш бака чөлдөп кургап жаткан 700 гектар жерге суу чыгып жер өздөштүрүлдү. Эл оңолду, совхоз оңолду 500 гектар айдоого жараксыз жерге орук тиктирдим, азыр ошол Катыран айылындагы элдердин байлыгы болуп калды. Совхоз райондогу алдынкы совхоз болду.- Совхоздун башкы адистери чоңоюп чарба жетекчилигине которулушту. Мен кийин айыл чарба башкармалыгынын башчысы, райондо партиянын экинчи катчысы болуп жалпы Лейлек районунда 12 жыл иштедим.

Султан Ибраимовдун демилгеси менен мен иштеген Өзгөрүш совхозунун Сарыташ участкасына 1000, Лейлек районунун тоо жайлоо участкасында 3000, Арка участкасында 2000га жерге суу чыгаруу долбоорлорун иштөө пландаштырылган. Аны Султан Ибраимов өзү көрүп, госпланда иштеген Сопубек Бегалиевди алып келип көрсөткөн. Бул долбоорлорду ишке ашыруу үчүн Сарыташка эки деңгээлде насос менен же агым менен суу алып келүү, Тоо жайлоо участкасына Тажикстан тараптагы Айкөл-Теңизбай деген Көлдөн туннел аркылуу суу алып келүү долбоорун баштаган. Ал татаал жерге тоолорду атчан ашып, Султан Ибраимов проектилерди эки жолу алып барып келген. Ал эми аркы зонага суу чыгаруу үчүн Козубаглан суусу аккан Сүлүктү шаарынын тушуна чон суу сактагыч куруп өз агымы менен суу чыгаруу долбоорун иштөө пландаштырылган эле.

Кийин Султан Ибраимов Совминдин төрагасы болуп кетти, Иш солгундай түштү анан кокустан киши колдуу болуп бейажал көз жумду. Долбоор биротоло токтоду. Менин эсимде бир жолу биздин совхозго Султан Ибраимов, Сопубек Бегалиев менен келип июнь айлары эле, өзү суу чыгарган жерлерге эгин эгилип баш байлап турган кез эле, кыдырып көрдү, анан кеч убак талаа станда машинанын аккумлятору аркылуу жарык берип, чай ичтик. Сопубек Бегалиев Султан Ибраимов БКда секретарь болуп иштеп атканда Кыргызстандын көп жерлерине жол салып, суу чыгарганын айтып отурушту. Алар кыргыз эли үчүн көп иш жасашыптыр. Султан Ибраимов тирүү болгондо кыргыз эли үчүн дагы көп иштерди жасамак.

**Асанкул КАНАТОВ,**
**Ардагер.**